| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>АК-ДӨБӨ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ<br><br>Тилекмат айылы,<br>Асаналиева № 42 | <br><br>факс 60201<br>тел. 60203 | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА<br><br>село Тилекмат,<br>ул.Асаналиева № 42 |
|---|---|---|

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМУ

24- февраль 2023-жыл № 69 Тилекмат айылы

**Ысык-көл облусунун Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө айылдык аймагынын «Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын» аймагынын чек араларын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесинин 17-бөлүгүнө ылайык, берилген иш-кагаздарын карап чыгып, жергиликтүү коомдук өз алдынча башкаруу органын эсептик каттоо максатында Ак-Дөбө айылдык кенеши токтом кылат:

1. Ысык-көл облусунун Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө айылдык аймагынын «Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясы» аймактык коомдук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (ТОС) эсептик каттоого алысын.
2. Ысык-көл облусунун Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө айылдык аймагынын ТОС «Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын» аймагынын чек аралары Ак-Дөбө айыл аймагынын административдик чектерине ылайык бекитилсин.
3. Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңештин ыйгарым укуктуу адиси тарабынан жүргүзүлгөн ТОС органдарын каттоо журналына киргизилсин.
4. Бул Токтом каттоого алынып Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигине жиберилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн башчысы М.Алиевге жана депутаттардын бюджеттик туруктуу комиссиянын төрагасы А.К.Баямановко жүктөлсүн.

**Төрагасы** **А.Тыныбеков**